**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш К.08.10.091**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 322.2(575.2)(043.3)**

**Раймкулов Калбек Абдисейитович**

# Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө инвестицияларды пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугу

## (Жалал-Абад облусунун мисалынын негизинде)

**Адистиги 08.00.05. «Экономика жана эл чарбасын башкаруу»**
**(экономика жана ишканаларды, тармактарды, комплекстерди уюштуруу жана башкаруу)**

# АВТОРЕФЕРАТ

**экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Ош 2012**

Диссертациялык иш Экономика жана ишкердик университетинин экономика кафедрасында аткарылган

Илимий жетекчи: экономика илимдеринин доктору, профессор Токтомаматов Кантөрө Шарипович

Расмий оппоненттер: экономика илимдеринин доктору, профессор Абдымаликов Кыдыр Абдымаликович

экономика илимдеринин кандидаты, доцент Абдукеримов Абдыманап Акматалиевич

Жетектөөчү мекеме: Ош технологиялык университети Экономика кафедрасы Ош шаары,

Диссертациялык коргоо Ош мамлекеттик университетинин алдындагы К.08.10.091 диссертациялык кеңешинде экономика илимдеринин кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн коргоо боюнча диссертациялык отурумунда 2012-жылдын 16-ноябрь күнү саат 16-00 дө болот.

Дареги :714000, Ош шаары, А.Масалиев проспектиси, 80.

Диссертациянын кол жазмасы менен Ош мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. 714000, Ош шааары, Ленин көчөсү -331.

Автореферат 2012-жылы 16-октябрда таркатылды.

**К.08.10.091 Диссертациялык кеңештин илимий катчысы, э.и.к., доцент** **Кулуева Ч.Р.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилденген теманын актуалдуулугу.** Рынок мамилеринин өнүктүрүү жана өркүндөтүү шарттары экономикабызда көптөгөн көйгөйлөрдү жаратты, айрыкча бардык тармактардын ичинен айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагында инвестициялык ишкердик активдештирүү көйгөйү башкы орунда турат. Кандай гана экономикалык система болбосун инвестициялоо анын өнүгүүсүнүн негизи болот. Аны топтоонун жана натыйжалуу пайдалануунун деңгээлин жогорулатуу учурдагы кризистик абалдан чыгууга жана өндүрүштү өнүктүрүүгө жол ачат.

Өлкөнүн экономикалык өсүшүнүн негизги фактору ыңгайлуу инвестициялык климатты түзүү, ички жана сырткы инвестициялык ресурстарды натыйжалуу пайдалануу болуп саналат. Экономикабыздын азыркы шартына мүнөздүү болгон региондордогу инвестициялык ишкердиктин өнүкпөй жатышына жана инвестициялык өндүрүшкө тартуунун көлөмүнүн төмөндөп кетишин айыл чарба продукцияларынын кайра иштетүү тармагынын өнүгүүсүнө да олуттуу таасирин тийгизди.

Өндүрүштүн экономикалык төмөндөшү, инвестициялык салымдардын кыскарышы, баалардын жана инфляциянын өсүшү, жумушсуздук менен акча жүгүртүүдөгү мүчүлүштүктөр каржы – кредит системасын жана инвестициялык чөйрөнү кризистик абалга алып келди. Айрыкча мындай көрүнүш экономикабыздын кайра иштетүү тармагында көбүрөөк байкалат. Учурда айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагы экономиканын катаал шарттарында иштеп жатат. Башкача айтканда инвестициялык ресурстардын тартыштыгы, материалдык – техникалык базанын эскирип, бүгүнкү күндүн талабына жооп бербестиги, сатып алына турган материалдык ресурстардын жана жабдуулардын бааларынын өсүшү жана өлкөбүздүн ички рыногундагы тартыштык, ошондой эле каржы ресурстарынын тартыштыгынан улам өндүрүлгөн айыл чарба продукциялары кайра иштетилбей чет өлкөгө экспорттолуп кетиши узак мөөнөттүү кредиттик салымдардын жана өзүмдүк каржы каражаттарынын жетишсиздиги, бюджеттик каржылоонун жоктугу жана инвестициялык активдүүлүктүн төмөндүгү кайра иштетүүчү тармактын башка тармактардан техникалык, экономикалык жана уюштуруучулук параметрлери боюнча артта калуусуна алып келди. Региондогу кайра иштетүүчү тармактын начар өнүгүүсүнүн негизги маселеси, бул мамлекеттик инвестициялоонун төмөнкү деңгээли, ошондой эле ата мекендик жана чет өлкөлүк инвесторлордун активдүүлүгүнүн төмөндүгүндө.

Кайра иштетүү тармагына ички жана сырткы инвестицияларды тартуу, тартылган инвестицияларды пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун көтөрүү жана ошондой эле алардын көйгөйлөрүн теориялык – практикалык жактан изилдөө маселелери диссертациялык изилдөөнүн логикасын, багытын, алдыга койгон максатын, тапшырмаларын (милдеттерин) жана теманы тандоонун актуалдуулугуна байланышкан.

**Проблеманын изилденишинин абалы.** Илимий экономикалык адабияттарда инвестициялык изилдөөнүн теориялык – методологиялык аспектисине акыркы убактарда окумуштуулардын көңүлүн буруп келет. Анткени акыркы он жылдыкта инвестиция маселелерине арналган илимий монографиялар, макалалар басылып чыккан. Бирок, экономикабыздын тармактары боюнча, айрыкча кайра иштетүү тармагынын инвестициясы боюнча илимий эмгектер жетишээрлик иштелип чыккан жок.

Ошентсе да, инвестициялоону изилдөөдө экономика илиминин чет элдик классиктери алгылыктуу салымдарын кошушкан, алар Д.Рикардо, Дж.М.Кейнс, С.Брю, Э.Долан, Дж.Кейне, Ф.Б.Лоррен, Д.Линдекс, П.Массе, П.Самуэльсон, А.Смит, К.Макконелл, К.Маркс ж.б., ошондой эле россиялык окумуштуу – экономисттер: В.В.Алексеев, И.Липсиц, Л.И.Абалкин, В.Коссов, А.Булатов, И.Бланк, А.Крутик, В.Бочаров, В.Ковалев, А.Шахназаров ж.б., өзүлөрүнүн салымдарын инвестициянын жалпы көйгөйлөрүн жана кайра иштетүү тармагынын кээ бир аспектилерин изилдөөгө кошушкан.

Экономикабыздын түрдүү тармактарында каралуучу көйгөйлөрдүн кээ бир аспектилери атамекендик окумуштуу-экономистердин илимий эмгектеринде изилденген, алар: Койчуев Т.К., Орузбаева А.О., Купуев П.К., Мусакожоев Ш.М., Балбаков М.Б., Абдумаликов К.А., Турсунова С.А., Камчыбеков Т.К., Кумсков В.И., Токтомаматов К.Ш., Маматурдиев Г.М., Атышев К.А., Джаилов С.Ж., Зулпукаров А.З, Тургунбаев Ж.Т., Абиджанов С.А., Лайлиев Ж.С., Идинов К.И., ж.б. эмгектеринде теориялык-методологиялык жактан изилденип жарыкка чыккан.

Ошентсе да, кайра иштетүү тармагындагы инвестицияларды тартуунун жана пайдалануунун экономикалык натыйжалуугунун кээ бир аспектилери: тармактын инвестиция менен камсыз болушу, тармакта инвестициялык процесстердин активдештирүү механизми жана ошондой эле инвестициялык ыңгайлуулуктун шарттары экономиканын учурдагы абалына байланыштуу бул маселелер өтө курч мааниге ээ болууда. Ошондуктан экономикабыздын кайра иштетүү тармагындагы жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү кошумча терең илимий изилдөө жана көйгөйлөрдү чечүү керектиги, диссертациянын темасын, анын максатын, илимий жана практикалык маанилүүлүгүн тандап алууга шарт түздү.

**Негизги илимий-изилденүүчү иштер менен диссертациялык теманын байланышы.** Диссертациялык илимий изилдөө Экономика жана ишкердик университетинин "Экономика" кафедрасынын илим-изилдөө тематикасынын планынын алкагында жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагына тартылган инвестицияларды пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча илимий жактан негизделген сунуштарды иштеп чыгуу жана сунуштоо.

Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер аныкталган:

- «инвестицияны» экономикалык категория катарында маанисин жана мазмунун, ошондой эле кайра иштетүү тармагынын инвестициялык процесстеринин өзгөчөлүктөрүн теориялык жактан изилдөө;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагында инвестициялык процесстердин өнүгүү тенденциясын аныктоо жана анын учурдагы абалын талдоо;
- натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн жана ага таасир берүүчү факторлорду тактоо;
- тармакты өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын жана келечегин аныктоо;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагында ишканаларды инвестицияларды натыйжалуу пайдаланып, өнүктүрүү жолдорун сунуштоо.

**Изилдөөнүн предмети** учурдагы айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестицияны пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугу.

**Изилдөөнүн объектиси** айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагынын инвестициялык ишмердиги жана инвестицияларды пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугунун негизинде:

- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык климаттын регионалдык негизги факторлору аныкталды;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагынын учурдгы абалын изилдөө аркылуу инвестициялык процесстердин өнүгүү тенденциясы жана инвестициялык саясаттын негизги багыттары аныкталды;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагынын инвестициялык стратегиясынын негизги багыттары аныкталды;
- кайра иштетүү тармагындагы анык жана каржы инвестицияларды натыйжалуу иштетүүнүн критерийлери аныкталды;
- инвестициялык ишмердиктин жаңы уюштуруу формаларын уюштуруунун жана өркүндөтүүнүн комплекстик чаралары иштелип чыгылды;
- инвестициялоодо оптималдуу чечимдерди кабыл алуу үчүн инвестициялык долбоорлордун натыйжалуулугун баалоочу көрсөткүчтөрдүн системасы такталды.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизи.** Изилдөө теориялык, методологиялык негизге жана ошондой эле чет элдик, россиялык жана ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектерин камтыган экономика илиминин көрсөтмөлөрүнө таянат. Маалымат базасы айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын отчеттору, улуттук мамлекеттик статистика комитетинин материалдары, нормативдик документтер жана мыйзам актылары, өкмөттүн жана министирликтин жоболору жана чечимдери түзөт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги илимий жаңылыктарын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү тармактын инвестициялык ишкердигин жана инвестицияларды натыйжалуу пайдалануунун экономикалык көрсөткүчтөрүн системалык түрдө иликтөө менен регионалдык өзгөчөлүктөрдү эске алып, кайра иштетүү тармагында аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу түзөт. Иштелип чыккан сунуштар төмөнкү илимий жыйынтыктар менен тастыкталат:

- «инвестиция», инвестициялык процесс», «инвестициялык ишкердик» жана «инвестициялык долбоор» -деген экономикалык категориялардын мааниси жана мазмуну жөнүндөгү теориялык жоболор кайра иштетүү тармагынын өзгөчөлүтөрүн эске алуу менен такталды жана системага келтирилди;
- рынок мамилеринин шарттарында кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык активдүүлүктү көтөрүүгө тоскоол болуучу негизги факторлор аныкталды жана активдүүлүктүн механизмдери иштелип чыгылды;
- инвестициянын түрлөрүнө салыштырмалуу баа берүүнүн негизинде кайра иштетүү тармагынын ыңгайлуу түрү аныкталды;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык климаттын регионалдык фактору аныкталды;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык өзгөчөлүктөрү жана инвестициялык саясаттын приоритеттүү багыттары аныкталды;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагын өнүктүрүүнүн приоритеттүү келечеги аныкталды;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык активдүүлүккө баа берилди;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык ишмердиктин жаңы уюштуруу формаларын уюштурууну жана өнүктүрүү боюнча комплекстик чараларды иштелип чыгылды;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагында инвестициялык долбоорлорго экономикалык баа берүүнү өркүндөтүү боюнча баалуу сунуштар иштелип чыгылды.

**Илимий изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыгынан келип чыккан негизги теориялык жоболор, аргументтер, методологиялык негиздер, жыйынтыктар жана сунуштар мындан аркы инвестициялык көйгөйлөрүн изилдөө жана ошондой эле кайра иштетүү тармагынын өзгөчөлүктөрүн эске алып жаңы инвестициялык саясатты иштеп чыгууда колдонсо болот.

Диссертацияда иштелип чыккан негизги теориялык жоболор, методологиялык негиздер, жыйынтыктар менен сунуштар «Инвестиция жана инновация», «Каржылык инвестициялык анализ» жана «Инвестициялык стратегия» ж.б., предметтери боюнча лекцияларды, окуу - методикалык комплекстерди жана окуу программаларын иштеп чыгууда пайдаланса болот. Ошондой эле райондук, шаардык, облустук жана республикалык көп жылдык стратегиялык пландарды түзүүдө колдонууга сунушталат.

Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары жана сунуштары региондогу кайра иштетүү тармагын өнүктүрүү программасын иштеп чыгууда жана инвесторлор үчүн ыңгайлуу инвестициялык чөйрө түзүүдө айыл жана суу чарба министирлигине, областтык мамлекеттик администрацияга, акимдер менен шаардын мэрлерине жардам берет.

**Алынган илимий жыйынтыктардын экономикалык мааниси.**

Агрардык өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө инвестицияларды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга байланышкан илимий маселелерди иштеп чыгуу жана анын жыйынтыктарын практика жүзүндө ишке ашыруу, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө чыгымдарын кыскартуу менен, анын өндүрүштүк натыйжалуулугун жогорлатууга көмөк түзөт.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын материалдык жана каржылык ресурстарынын кайтарымдуулугун максималдаштыруу максатында натыйжалуу пайдалануунун базасы катарында кызмат кылат.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык ишмердиктин жаңы уюштуруу формаларын уюштурууну жана өнүктүрүү боюнча иштелип чыгылган чаралар инвестициянын натыйжалуулугун көтөрүүдө практикалык мааниге ээ.

**Коргоого алып чыгуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагында инвестицияларды натыйжалуу пайдалануунун теориялык жана методологиялык негиздерин аныктоо;
- инвестициялык активдүүлүктүн жогорулатуунун механизмдерин иштеп чыгуу;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык процесстердин өнүгүү тенденциясын жана инвестициялык саясаттын, стратегиянын негизги багыттарын аныктоо;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы анык жана каржы инвестицияларынын натыйжалуу иштетүүнүн критерийлерин аныктоо;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишкананын деңгээлинде инвестициялык оптималдуу чечимдерди кабыл алуу үчүн инвестициялык долбоорлордун натыйжалууулугун баалоочу көрсөткүчтөрдүн системасын тактоо.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Автор тарабынан айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө инвестицияларды пайдалануунун натыйжалуулугун өркүндөтүүнү теориялык жана практикалык жактан жалпылаштырылды.

Теориялык жалпылоонун жана комплекстүү талдоонун негизинде айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларда инвестицияларды натыйжалуу пайдалануунун жолдору иштеп чыгылды жана сунушталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары ар кандай семинарларда, илимий –практикалык конференцияларда билдирүүлөр жасалып, талкууланган.

**Диссертациянын көлөмү жана курамы.** Иш кириш сөздөн, үч баптан, жыйынтыктан, 157 колдонулган адабияттардын тизмесинен туруп, 173 бетти, 16 аналитикалык таблицаны, 17 сүрөттү жана тиркемени камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** изилденген теманын актуалдуулугу негизделип проблеманын изилденишинин абалына мүнөздөмө берилген, изилдөөнүн максаты жана милдеттери ошондой эле изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери көрсөтүлгөн, изилдөөнүн илимий жаңылыгы аныкталып, илимий изилдөөнүн практикалык жана алынган илимий жыйынтыктардын экономикалык мааниси такталган.

**Изилдөөнүн биринчи бабы** "Инвестицияларды натыйжалуу пайдалануунун теориялык жана методологиялык негиздери" аталып, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициянын экономикалык мааниси, инвестицияларды

натыйжалуу пайдалануну баалоодо методикалык инструменттер, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялоонун өзгөчөлүктөрү жана инвестициялоо саясаты каралган.

Экономиканын бардык тармактарында инвестициялык салымдар маанилүү орунду ээлейт. Кыргызстан сыяктуу жаш жаңы эгемендүүлүккө ээ болуп, рынок мамилелерине өтүү кадамын койгон өлкөгө өзгөчө күчтүү таасир этет. Кыргыз Республикасынын инвестициялык саясаты, мамлекеттик капиталдык салымдардын, жеке жамааттык жана ошондой эле чет элдик инвестициялардын салымынын үлүшүнүн көбөйүшү менен мүнөздөлөт. Тилекке каршы экономикалык кыйынчылыктардан улам өлкөдө атамекендик инвестициялардын активдүүлүгүнүн төмөндөөсү байкалат. Ошондуктан мамлекеттик масштабда, экономикабыздын айыл чарба тармагында инвестициялык ишмердиктерди жөнгө салуу аракеттери көрүлүүдө, бирок ошого карабастан рынок талабына жооп берген инвестициялык саясатты түптөө жана өнүктүрүү милдети турат. Экономикалык абалдын туруктуу өнүгүүсүн инвестициялык чөйрөдө болуп жаткан процесстер аркылуу билсек болот.

Ал индикатор катары өлкөнун ичиндеги жалпы абалды, улуттук кирешенин өлчөмүн, экономиканын тармактарынын өнүгүү деңгээлин аныктайт жана ошондой эле ата мекендик, чет өлкөлүк инвесторлордун кызыгуусун арттырат.

«Инвестициялар» - деген түшүнүктүн экономикалык маанисин түшүнүүгө карата көптөгөн ыкмаларды чагылдыруучу аныктамалардын түрдүү модификациялары бар. Инвестиция «investire» - салуу деген латын сөзүнөн алынган, ал эми англис тилинен которгондо «investment» капиталдык салым дегенди түшүндүрөт [44]. Экономикалык жана каржылык көз карашта инвестициялоо, келечекте инвестициянын баштапкы жалпы көлөмүнөн ашкан, таза пайданы алуу максатында узак мөөнөткө экономикалык ресурстарды өндүрүшкө салымдоо катары аныкташат.

«Инвестиция» термини бир канча мааниге ээ. Инвестициянын кеңири мааниси каржылоо үчүн зарыл болгон капиталдык салымдар аркылуу өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүн жана өсүүсүн камсыздоо эсептелинет.

Советтик илимий эмгектерде инвестицияны капиталдык салым деген көз караш менен түшүндүрүп келген, ошондуктан «инвестиция»-деген категорияны «капиталдык салым» -деген категория менен теңдештирип , бирдей категория катарында каралган. Теориялык планда алып караганда капиталдык салымдарды изилдешкен советтик мезгилдеги окумуштуу- экономистердин ортосунда бирдей көз караштар пайда болгон. Алардын аныктамасы боюнча, капиталдык салымдар -негизги каражатттарды кайра жаратууу камсыз кылууучу, материалдык, эмгек жана акча каражаттарынын чыгымдары. Демек, инвестициялык комплекс ишканалардын, региондун, өлкөнүн эл чарбасынын материалдык –техникалык базасынын негизги түзүүчүсү катары эмгек каражаттарын өндүрүүчү тармактын баштапкы бөлүмдөрүнүн комплексин өзүнө камтыган. Биздин оюубузча «инвестиция» терминин, «капиталдык салымдар» термини менен бирдей кароого болбойт. Жогоруда айтылган жагдай, инвестицияны негизги каражаттарды (имараттарды, транспорттук каражаттарды ж.б.) кайра жаратууга салынган каражаттар катарында карайт. Бирок инвестиция өзүнө утурумдук (акча каражаттары, материалдар, даяр продукциялар, товарлар ж.б.) активдерди, түрдүү баалуу кагаздарды, материалдык эмес активдердин кээ бир түрлөрүн (патентерди, лицензияларды сатып алуу) камтыйт. Демек, капиталдык салым инвестициянын тар маанисин түшүндүрүп, анын негизги бир бөлүгү, формасы болуп эсептелинет.

Ошондуктан, инвестиция – бул ишкананын утурумдук жана негизги каражатттарын өзүнө камтыган, бизнестин материалдык бөлүгүнө каражаттарды жумшоо.

Чет өлкөлүк экономикалык адабияттарда инвестициянын аныктамасын, инвестиция көйгөйлөрүн теориялык изилдөөнүн негизинде кеңири түшүнүктө карашкан.

Инвестиция жана инвестиция көйгөйлөрү Дж.М.Кейнстин, П.Массенин, С.Брюнун, Э.Деланын, Д.С.Линдсеянын жана башкалардын илимий иштеринде терең изилденип

каралган.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларга жумшалган анык (реалдуу) жана каржылык (финансылык) инвестицияларды башкаруунун системасында инвестициялык салымдардын эффективдүүлүгүн жана кайтарымын баалоо эң жооптуу этаптардын бири болуп эсептелет.

Инвестициялардын натыйжалуулугун жана кайтарымын баалоо канчалык ар тараптуу жана объективдүү жүргүзүлгөндүгүнөн салынган капиталды кайтаруу мөөнөтү, аны альтернативдик пайдалануунун варианттары, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларга келер чакта күтүлүүчү кошумча пайданын агымынан көз каранды болот. Инвестициялык салымдардын эффективдүүлүгүн баалоонун ар тараптуулугу жана объективдүүлүгү көбүнчө аны жүргүзүүнүн заманбап ыкмаларын пайдалануу менен аныкталат.

Анык (реалдуу) инвестициялык салымдардын баалоонун учурдагы тажрыйбасында колдонулуучу базалык принциптери менен усулдук ыкмаларын колдонуп карап көрөлү. Мындай принциптердин негизгилери төмөнкүлөр:

Анык инвестициялык салымдардын эффективдүүлүгүн баалоо бир жагынан инвестициялык чыгымдардын көлөмүн жана экинчиден инвестицияланган капиталды кайтаруу мөөнөттөрү менен суммаларын салыштыруунун негизинде жүргүзүлүүгө тийиш. Бул эффективдүүлүктү баалоочу көрсөткүчтөр системасын калыптандыруунун жалпы принциби, ага ылайык ар кандай ишмердүүлүктүн жыйынтыктары аны ишке ашырууга жумшалуучу чыгымдар (колдонулган ресурстар) менен салыштырылышы керек. Инвестициялык ишмердикте ал инвестиция салынуучу капиталдын түз жана кайтарылуучу агымдарын салыштыруу жолу менен ишке ашырылат [47].

Инвестициялык чыгымдардын көлөмүн баалоо долбоорду ишке ашыруу менен байланышкан пайдаланылуучу ресурстардын бүт жыйындысын камтууга тийиш. Баалоо процессинде акча каражаттарынын (менчик жана карызга алынган) баардык түз жана кыйыр чыгымдары, материалдык жана материалдык эмес активдердин, эмгек ресурстарынын жана ресурстардын башка түрлөрүнүн сарптоолору эсепке алышууга тийиш. Учурдагы тажрыйба көрсөткөндөй көпчүлүк учурда инвестициялык чыгымдардын көлөмүн баалоо долбоорду ишке ашырууга даярдоо, инвестициялык ресурстардын керектүү көлөмүн калыптандыруу, долбоордун ишке ашырылышына көзөмөл жүргүзүү менен байланышкан түз эмес чыгымдарды чагылдырбайт. Бул инвестициялык долбоорлордун эффективдүүлүгүнүн салыштырмалуу баалоосун жүргүзүүгө шарт түзбөйт.

Инвестиция жасалган капиталдын кайтарымын баалоо «таза акча агымы» көрсөткүчүнүн негизинде жүргүзүлүүсү керек.Бул көрсөткүч инвестициялык долбоорду эксплуатациялоо процессинде таза пайда менен амортизациялык чегерүүлөрдүн суммаларынын эсебинен калыптанат. Баалоонун ар кандай түрлөрүн жүргүзүүдө бул көрсөткүч орточо жылдык о.э инвестициялык долбоорду эксплуатациялоонун айрым мезгилдери боюнча дифференцияланган түрдө каралышы мүмкүн.

Инвестициялык чыгымдар менен таза акча агымдарынын суммалары баалоо процессинде сөзсүз түрдө наркка келтирүүгө тийиш. Бир караганда инвестициялык чыгымдар таза акча агымына салыштырмалуу дайыма анык наркта туюнтулгандай сезилет. Чындыгында бул андай эмес- инвестиция берүү процессии көпчүлүк учурда бир мезгилде жүргүзүлбөйт, бир нече этап менен ишке ашат. Ошондуктан биринчи этаптан сырткары, инвестициялык чыгымдардын баардык калган суммалары анык наркка (инвестиция берүүнүн ар бир кийинки этабына дифференциялануу менен) келтирилүүгө тийиш.Таза акча агымынын суммасы да дал ушундай эле (калыптануусунун айрым этаптары боюнча ) анык наркка келтирилүүсү шарт.

Айрым көрсөткүчтөрдү анык наркка келтирүү процессинде дисконттук ставканы тандоо ар түрдүү инвестициялык долбоорлор үчүн дифференцияланышы керек. Мындай дифференциация жүргүзүү процессинде анык инвестициялык долбоордун өтүмдүүлүк,

кооптулук дэңгээлдер, индивидуалдык мүнөздөмөлөрү эске алынууга тийиш.

Жогоруда аталган принциптерди эске алып анык инвестициялык долбоорлордун эффективдүүлүгүн ар түрдүү көрсөткүчтөрдүн негизинде баалоо ыкмаларын карап көрөлү. Бул көрсөткүчтөр системасы 1.1-сүрөттө берилген.




1.1-сүрөт. Анык инвестициялык салымдардын натыйжалуулугун баалоонун негизги көрсөткүчтөр системасы.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы ишканаларды инвестицияоону ишке ашыруу бир нече өзгөчөлүктөргө ээ, алардын негизгилери төмөнкүлөр:

Экономиканын реалдуу секторундагы айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы ишканалар үчүн инвестициялар чарбалык ишмердиктик көз карандысыз түрү болуп саналат. Бул көз карандысыздык мындай айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы ишканалардын операциялык ишмердигине да, аларды реалдуу инвестициялоо процессине да тиешелүү.

Инвестициялык салымдар, эреже катары, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы ишканалардын өнүгүүсүнүн стратегиялык өндүрүштүк маселелерин чече алат.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы ишканалар тарабынан инвестициялоо негизинен эки максатта: убактылуу бош акча активдерин пайдалануу процессинде кошумча инвестициялык киреше алуу жана инфляцияга каршы коргоону үчүн колдонулат. Ошондуктан, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы ишканалар, эреже катары инвестициялык ресурстарды атайын пайдаланышат. Демейде, инвестициялар айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы ишкананын иштетилип жаткан операциялык активдерине салыштырмалуу аз киреше берген менен, убактылуу бош капиталды операциялык ишмердикти көбөйтүү үчүн эффективтүү колдонуу мүмкүн эмес болгон мезгилдерде кошумча киреше агымын камсыз кылат.

Инвестициялар айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы ишканага «кирешелүүлүк-кооптуулук» шкаласы боюнча инвестиция инструменттерин тандоонун кеңири диапазонун камсыз кылат. Реалдуу инвестицияларга салыштырмалуу

каржылык инвестицияларга жогорку ликвиддүүлүк мүнөздүү.

Каржылык инвестицияларды ишке ашыруу менен байланышкан башкаруу чечимдерин негиздөө процесси жөнөкөй жана анча эмгекти талап кылбайт. Ал реалдуу инвестициялоону ишке ашырууда каржылык каражаттардын чоң өлчөмдөгү чыгымдарын талап кылбайт; каржылык инвестициялардын эффективдүүлүгүн баалоо алгоритмдери инвестициялоо объектилерине карай дифференцирленүүчү мүнөзгө ээ, бул мындай баалоонун ишеничтүүлүгүн арттырат; каржылык инвестициялоо чөйрөсүндө кабыл алынган башкаруу чечимдерин ишке ашыруу эң аз убакыт талап кылат.

**Изилдөөнүн экинчи бабы** айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармакынын учурдагы абалы жана келечегине арналып, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагын инвестициялоонун негизинде өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары каралган.

Инвестицияларды тартуу ар түрдү өлкөлөрдүн илимий-техникалык жетишкендиктердин колдонууга, жаңы технологияларды жана өндүрүштү уюштуруунун түрлөрүн тезирээк өздөштүрүүгө, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоону кеңейтүүгө жана аларды чарба жүргүзүүнүн рыноктук усулдарын үйрөнүүгө жана товарларды экспорттоону өстүрүп, дүйнөлүк рынокко чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

Жергиликтүү аймактык өкмөттүн, тармактык чарбалык жетекчилердин милдетти айыл чарбасынын өнүгүү багыттарын аныктап, инвестициялоону-жаңыча нукка салып, консалтингдик кеңеш берүүчү фирмалар жана салык механизмдери аркылуу жардам берүү эсептелет. Инвестицияларды тартуу жана жумшоо эң оор маселе, ал эми табылган инвестицияларды натыйжалуу пайдалануу андан да оор иш. Айыл чарбасына инвестицияны тартуу биздин өлкөдө өтө төмөн. Аны 2.1-таблицадан карап көрсөк болот.

2.1.-таблица. Кыргызстандагы инвестициялардын көлөмү, динамикасы жана түзүлүшү (2005-жылга салыштырмалуу)

| Жылдар / Аталышы | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Финансылык эмес активдердин инвестициялары (млн.сом), | 14016,5 | 47008,0 | 35746,1 | 46475,2 | 56768,1 | 45508,1 |
| динамикасы: | | | | | | |
| - өсүү темпи (%, эсе) | 100 | 3,4 эсе | 2,5 эсе | 3,3 эсе | 4,5 эсе | 3,2 эсе |
| - өсүшүүнүн темпи (%, эсе) | - | 2,4 эсе | 1,5 эсе | 2,3 эсе | 3,5 эсе | 2,2 эсе |
| анын ичинде: | | | | | | |
| негизги капиталдын инвестициялары (млн.сом), | 12989,2 | 24385,5 | 29558,8 | 40655,7 | 52211,13, | 41435,0 |
| динамикасы: | | | | | | |
| - өсүү темпи (%, эсе) | 100 | 187,7 | 2,2 эсе | 3,1 эсе | 2 эсе | 3,2эсе |
| - өсүшүүнүн темпи(%, эсе) | - | 87,7 | 1,2 эсе | 2,1 эсе | 2,2 эсе | 2,2эсе |
| негизги каражаттардын капиталдык ремонту (млн.сом), | 702,0 | 884,8 | 3932,3 | 2764,6 | 2479,2 | 1797,3 |
| динамикасы: | | | | | | |
| - өсүү темпи (%, эсе) | 100 | 126,0 | 5,6 эсе | 3,9 эсе | 3,3 эсе | 2,6эсе |
| - өсүшүүнүн темпи(%, эсе) | - | 26,0 | 4,6 эсе | 2,9 эсе | 2,3 эсе | 2,2эсе |
| материалдык эмес активдердин инвестициялары(млн.сом), | 302,2 | 21707,2 | 1521,5 | 2645,7 | 1938,0 | 1273,5 |
| динамикасы: | | | | | | |
| - өсүү темпи (%, эсе) | 100 | 7,1 эсе | 5,0 эсе | 8,7 эсе | 6,4 эсе | 4,2 эсе |
| - өсүшүүнүн темпи(%, эсе) | - | 6,1 эсе | 4,0 эсе | 7,7 эсе | 5,4 эсе | 3,2 эсе |
| өндүрүлбөгөн метериалдык активдердин инвестициялары (млн.сом), | 22,1 | 30,5 | 733,5 | 409,2 | 139,8 | 2,3 |
| динамикасы: | | | | | | |
| - өсүү темпи (%, эсе) | 100 | 138,0 | 33 эсе | 18,5 эсе | 6,3 эсе | 10,4 |
| - өсүшүүнүн темпи(%, эсе) | - | 38,0 | 32 эсе | 17,5 эсе | 5,3 эсе | -89,5 |
| | | | | | | |

| Жыйынтыкка карата пайыз менен | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Каржылык эмес активдердин инвестициялары (млн.сом) анын ичинде: | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| негизги капиталдын инвестициялары | 92,7 | 51,9 | 82,7 | 87,5 | 92,0 | 93,1 |
| негизги каражаттардын капиталдык ремонту | 5,0 | 1,9 | 11,0 | 5,9 | 4,4 | 4,0 |
| материалдык эмес активдердин инвестициялары | 2,2 | 46,1 | 4,3 | 5,7 | 3,4 | 2,9 |
| өндүрүлбөгөн метериалдык активдердин инвестициялары | 0,1 | 0,1 | 2,0 | 0,9 | 0,3 | 0,0 |

Кыргызстандагы мындай кырдаалдын негизги себеби алынып келинген тышкы инвестициялык салымдарды жана жумшалган ички инвестициялык салымдарды иштетүүнүн туура эместиги. Бул кемчиликтер айыл жеринде экономикалык маданияттын жоктугу, социалдык абалдын өнүкпөгөндүгү, транспорттук жана коммуникациялык инфраструктуранын начардыгы менен түшүндүрүлөт.

Агрардык тармак башынан кечирип жаткан терең кыйынчылыктардын шартында, айыл чарба жана алардын продукцияларын кайра иштетүү тармагына узак мөөнөттүк чет элдик жана ички мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып инвестициялык салымдарды тартуу зарыл.

Бирок белгилүү болгондой инвестициялык салымдар пайданы көп берип жана толук кайтарымдын кепилдигин берген тарапка гана агат.

2000-2010-жылдары тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын ишканалары айыл чарбаны чийки заттарын өз убагында жана толугу менен кайра иштетүү үчүн жүгүртүүчү каражаттарын толуктоо жана түзүү үчүн кредиттик ресурстарга өтө муктаж болушкан. Ошондой эле кайра иштетүү үчүн ишканаларга салык салуу системасын, бажы саясатын кайра карап чыгуу талап кылынууда, ошондой эле электр эңергиясына болгон тарифтердин мурдакы өлчөмдөрүн сактап калуу инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча мамлекеттик иш-чараларды көрүү, карыздарга реструктура жана пролонгация жүргүзүү аркылуу ишканалардын финансылык абалын жакшыртуу, чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу, жеңилдетилген кредиттөөнүн мүмкүнчүлүктөрүн издөө талап кылынууда.

2.2-таблица .Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын 2010-2011 -жылдары продукция өндүрүүсүнүн көлөмү (миң.сом)

| *(Областын аймагындагы ишканалар боюнча ,миң. сом)* | | | | | | | | | *Темп %* | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2010 жыл (өткөн жыл) | | | | 2011 жыл (отчеттук жыл) | | | | | |
| | айына | %, үлүшү | жыл башынан | %, үлүшү | айына | %, үлүшү | жыл башына | %, үлүшү | айына | отчеттук жылга |
| Жалал-Абад областы боюнча | 230674,8 | 100 | 1127829,8 | 100 | 115019,1 | 100 | 1199131,4 | 100 | 49,8 | 107,9 |
| тамак-аш продукцияларын өндүрүү (суусундактар менен) анын ичинде | 158030,1 | 68,5 | 836315,7 | 74,1 | 61311,1 | 53,3 | 864401,9 | 72,1 | 38,8 | 104,1 |
| жашылча-жемиштерди кайрадан иштетүү жана консервациялоо | 0,0 | 0.0 | 643,6 | 0,05 | 681,4 | 0,59 | 3971,2 | 0,33 | 6,8 эсе | 12,9 эсе |
| өсүмдүк майын жана жанбарлардын майын өндүрүү | 6575,8 | 2,85 | 69509,2 | 6,16 | 6469,1 | 5,62 | 67347,9 | 5,61 | 98,3 | 96,8 |
| сүт продукцияларын өндүрүү | 361,9 | 0,15 | 2182,3 | 0,19 | 103,8 | 0,09 | 2157,0 | 0,18 | 28,6 | 98,8 |
| ун азыктарын, крахмал | 126133,9 | 54,6 | 485266,6 | 43 | 30124,4 | 26,19 | 536500,3 | 44,7 | 23,8 | 110,8 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| продукцияларын өндүрүү | | | | | | | | | | |
| ар түрдүү тамак-аш продукцияларын өндүрүү | 12344,1 | 5,35 | 223742,3 | 19,8 | 15386,3 | 13,37 | 202673,2 | 16,9 | 124,6 | 92,16 |
| суусундуктарды өндүрүү | 12614,4 | 5,46 | 54971,7 | 4,8 | 8546,1 | 7,43 | 51752,3 | 4,31 | 67,7 | 94,0 |
| пахта буласын даярдоо | 72644,7 | 31,5 | 291514,1 | 5,8 | 3708,0 | 46,7 | 334729,5 | 27,9 | 3,9 | 19,2 |

***Булагы: Жалал-Абад областтык Улуттук статистика комитетинин маалыматтары, 2011-жыл***




***Булагы: Жалал-Абад областтык Улуттук статистика комитетинин маалыматтары, 2011-жыл***

2.1-сүрөт. Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын продукция өндүрүүсүнүн көлөмү

2.2-таблицадан жана 2.1.-сүрөттөгү изилдөөлөр көрсөткөндөй Жалал-Абад областы боюнча кайра иштетүүчү ишканалардын продукция өндүрүүсүнүн көлөмү 2010-жылдын жыйынтыктары боюнча 1127829,8 миң. сомдук продукция иштеп чыгарылган, ал эми 2011-жылдын жыйынтыктары боюнча 1199131,4 миң. сомдук продукция иштеп чыгарылган өсүү темпи 107,9 % ды түзгөн. Тамак-аш продукцияларын өндүрүү 2010-жылы 836315,7 миң.сом, пахта буласын даярдоо 291514,1 миң.сом, жашылча-жемиштерди кайрадан иштетүү жана консервациялоо 643,6 миң.сом, өсүмдүктөрдөн жана жаныбарлардан май өндүрүү 69509,2 миң.сом, сүт продукцияларын өндүрүү 2182,3 миң.сом, ун азыктарын, крахмал продукцияларын өндүрүү 485266,6 миң. сомду түзгөн. Продукция өндүрүү жана өндүрүштүн темпи 2011-жылда бир топ өзгөрүүлөр болгон.
2011-жылы тамак-аш продукцияларын өндүрүүнүн өсүү темпи 104,1% ды түзгөн, же 864401,9 миң.сомдук продукция өндүрүлгөн. Ошондой эле 2011-жылга пахта буласын даярдоо 334729,5 миң.сом, жашылча-жемиштерди кайрадан иштетүү жана консервацияло 3971,2 миң.сом, өсүмдүктөрдөн жана жаныбарлардан май өндүрүү 67347,9 миң.сом, сүт продукцияларын өндүрүү 2157,0 миң.сом, ун азыктарын, крахмал продукцияларын өндүрүү 536500,3 миң.сомду түзүп, өсүү темпи област боюнча 107,9 % ды түзгөн.

Жалал-Абад областы боюнча кайра иштетүүчү ишканалардын продукция өндүрүүсүн талдоо үчүн 2.2.-2.3 –таблицалардан пайдалансак болот.

2.3-таблица. Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын продукция өндүрүүсүнүн көлөмү (миң.сом)

| *(Областын аймагындагы ишканалар боюнча , миң. сом)* | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2006** | | **2007** | | **2008** | | **2009** | | **2010** | |
| | жылына | %, | жылына | %, | жылына | %, | жылына | %, | жылына | %, |
| Жалал-Абад областы боюнча | 840105,6 | 100 | 795946,1 | 90,4 | 1280443,1 | 152,4 | 1131997,3 | 134,7 | 1127829,8 | 34,2 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| тамак-аш продукцияларын өндүрүү (суусундактар менен), анын ичинде | 359913,6 | 100 | 432014,0 | 120 | 907878,8 | 152,4 | 882758,1 | 34,7 | 836315,7 | 34,2 |
| жашылча-жемиштерди кайрадан иштетүү жана консервациялоо | 22681,4 | 100 | 25525,9 | 112,5 | 230363,8 | 10 эсе | 52586,4 | 2,3 эсе | 643,6 | 2,8 |
| өсүмдүк майын жана жанбарлардын майын өндүрүү | 52959,3 | 100 | 65022,8 | 122,7 | 87496,1 | 165,2 | 84737,9 | 160 | 69509,2 | 131,2 |
| сүт продукцияларын өндүрүү | 888,7 | 100 | 1101,6 | 123,9 | 2071,1 | 2,3 эсе | 2248,9 | 2,5 эсе | 2182,3 | 2,4 эсе |
| ун азыктарын, крахмал продукцияларын өндүрүү | 80341,3 | 100 | 103445,4 | 128,7 | 189587,9 | 2,3 эсе | 216449,5 | 2,7 эсе | 485266,6 | 6 эсе |
| ар түрдүү тамак-аш продукцияларын өндүрүү | 165353,9 | 100 | 187020,7 | 113,1 | 360877,4 | 2,1 эсе | 483213,5 | 2,9 эсе | 223742,3 | 1,4 эсе |
| суусундуктарды өндүрүү | 37689,0 | 100 | 49897,6 | 132,3 | 37482,5 | 99,4 | 43521,5 | 115,4 | 54971,7 | 1,4 эсе |
| пахта буласын даярдоо | 480192,0 | 100 | 363932,1 | 75,7 | 372564,3 | 77,5 | 249239,2 | 51,9 | 291514,1 | 60,7 |

*Булагы: Жалал-Абад областтык Улуттук статистика комитетинин маалыматтары, 2011-жыл*

2.3-таблицадагы маалыматтарда Жалал-Абад облысты боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын продукция өндүрүүсүнүн көлөмү 2006-жылдан баштап 2010-жылга чейин продукциянын түрлөрү боюнча көрсөтүлгөн. Жашылча-жемиштерди кайрадан иштетүү жана консервациялоо боюнча 2006-жылы 22681,4 миң.сом, 2007-жылы 25525,9 миң.сом, 2008-жылы 230363,8 миң.сом, 2009-жылы 52586,4 миң.сом, 2010-жылы 643,6 миң.сомдук продукция өндүрүлүп чыккан. Ал эми калктын негизги керектөөсү болгон ун азыктарын, крахмал продукцияларын өндүрүү 2006-жылы 80341,3 миң.сом, 2007-жылы 103445,4 миң.сом, 2008-жылы 189587,9 миң.сом, 2009-жылы 216449,5 миң.сом, 2010-жылы 485266,6 миң.сомду түзгөн. Жалал-Абад облысындагы негизги пайда келтирүүчү айыл чарба продукциясынан болгон пахта буласын даярдоо 2006-жылы 480192,0 миң.сом, 2007-жылы 363932,1 миң.сом, 2008-жылы 372564,3 миң.сом, 2009-жылы 249239,2 миң.сом, 2010-жылы 291514,1 миң.сомго барабар болгон. 2.1.2-таблицада көрүнүп тургандай ун азыктарын, крахмал продукцияларын өндүрүү 2008-жылдан баштап көбөйгөн, ал эми пахта буласын даярдоо 2007-жылдан баштап төмөндөгөн. Себеби пахта продукциясына болгон баалар арзандагандыгына байланыштуу кетирилген чыгымдар акталбай калгандыктан, дыйкандар пахтаны өстүрбөй калышты.

2.2-2.3-сүрөттөрдө жашылча-жемиштерди кайрадан иштетүү жана консервациялоо, өсүмдүк майын жана жанбарлардын майын өндүрүү, сүт продукцияларын өндүрүү, ун азыктарын, крахмал продукцияларын өндүрүү, ар түрдүү тамак-аш продукцияларын өндүрүү жана пахта буласын даярдоонун 2006-жылдан 2010-жылга чейинки өзгөрүүсүн даана көрсөк болот.




*Булагы: Жалал-Абад областтык Улуттук статистика комитетинин маалыматтары, 2011-жыл*

2.2-сүрөт. Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын тамак-аш продукцияларын өндүрүүсүнүн көлөмү




2.3-сүрөт. Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын тамак-аш продукциялары менен пахта буласын даярдоосунун көлөмдөрүн салыштыруу

2.3-сүрөттө даана көрүнүп тургандай, Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын тамак-аш продукциялары менен пахта буласын даярдоосу 2006- жылдан 2010-жылга чейинки аралыкта бир далай өзгөрүүгө дуушар болгон. Тамак-аш продукциясын жана пахта буласын өндүрүүнүн эң көп көлөмү 2008 жылга туура келип, кийинки жылдарда тамак-аш продукциясын өндүрүү төмөндөй баштагандыгы ал эми пахта буласын өндүрүү төмөндөп, кайра өсүүсү байкалат. Пахта буласынын өндүрүүнүн динамикасынын бир кылка болбой жаткандыгынын негизги себеби катары анын баасынын дыйкандардын чыгашасын актабай, алардын пахта өндүрүүгө кызыкчылыгынын жоголуп баратканы деп түшүнөбүз.

2.4- таблица. Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын продукция өндүрүүсүнүн өзгөрүү тенденциялары


*(Областын аймагындагы ишканалар боюнча , миң. сом)*

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| **жашылча-жемиштерди кайрадан иштетүү жана консервациялоо(анын ичинде:)** | **22681,4** | **25525,9** | **230363,8** | **52586,4** | **643,6** |
| ЖЧК «А.Н.МАС.ТО.» | 2800 | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| ЖЧК Жандос | 0.0 | 0.0 | 19893,0 | 0.0 | 0.0 |
| ЖЧК Гульазык | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| Калтын өндүрүштүк ишмердиги | 0.0 | 6911,4 | 141657,3 | 35307,9 | 0.0 |
| БИ | 3447,0 | 8147,4 | 55032,0 | 12868,7 | 0.0 |
| Кичи ишканалар | 15734,9 | 3975,4 | 11603,9 | 4210,4 | 0.0 |
| Көмөкчү чарбалар | 699,5 | 1491,7 | 2177,6 | 199,4 | 643,6 |
| **өсүмдүк майын жана жанбарлардын майын өндүрүү(анын ичинде:)** | 52959,3 | 65022,8 | 87496,1 | 84737,9 | 69509,2 |
| Калтын өндүрүштүк ишмердиги | 52959,3 | 65022,8 | 87496,1 | 84737,9 | 69509,2 |
| **сүт продукцияларын өндүрүү** | 888,7 | 1101,6 | 2071,1 | 2248,9 | 2182,3 |
| ЖЧК Ак-Тилек (Базар-Коргон сүт заводу) | 71,0 | 203,0 | 394,7 | 534,0 | 457,0 |
| АК Ак –Булак(Жалал-Абад сүт комбинаты) | 386,7 | 190,0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| Кичи ишканалар | 431,0 | 708,6 | 1676,4 | 1714,9 | 1725,3 |
| **ун азыктарын, крахмал продукцияларын өндүрүү** | 80341,3 | 103445,4 | 189587,9 | 216449,5 | 483783,7 |
| ААК Азрат-Айып | 201,0 | 0.0 | 2662,3 | 0.0 | 0.0 |
| ЖЧК Дан-Юг | 0.0 | 0.0 | 7027,1 | 7238,5 | 305922.0 |
| ЖЧК Мариям | 61373,0 | 79255,3 | 131585,4 | 165111.0 | 135575.8 |
| ЖЧК Кыргыз продукт | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 1502,0 |
| Калтын өндүрүштүк ишмердиги | 18447,7 | 24163,4 | 48313,1 | 44100,4 | 42266,8 |
| Көмөкчү чарбалар | 319,6 | 26,7 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| **пахта буласын даярдоо** | 480192,0 | 363932,1 | 372564,3 | 249239,2 | 291514,1 |
| ЖЧК Ак-Тилек А | 220,0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| ЖЧК Алтын-Камар | 80804,0 | 76260,3 | 65094,0 | 46074,2 | 10919 |
| ЖЧК BORTEX INVESMENT D ROUP(Ак-Тайлак текстиль) | 85521,8 | 50549,7 | 61790,0 | 598,0 | 0.0 |
| ЖЧК STAR KOTTON LTD | 0.0 | 11700,0 | 6672,0 | 0.0 | 1440,0 |
| ЖЧК Админ | 68991,6 | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |


| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| ЖЧК Алтын-Була | 3546,2 | 22050,5 | 24912,5 | 15159,0 | 43003,0 |
| ЖЧК Гулам –Ата | 15383,4 | 40457,1 | 61380,0 | 18227,3 | 8453,8 |
| ЖЧК БИ ГЛЕЙЗЕР ДУНАЙ НАРЫН | 1198,4 | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| ААК Келечек -Пахта | 3114,0 | 2926,8 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| ААК Эмгек-Берекеси | 19427,7 | 18147,3 | 20965,7 | 29533,2 | 51132,3 |
| ЖЧК БЕЛХЛОППРОМ Ноокен району | 0.0 | 4964,7 | 5809,7 | 11926,1 | 15068,8 |
| ЖЧК Интер коттон групп | 7294,0 | 5471,3 | 5481,9 | 890,0 | 5577,8 |
| ЖЧК Limiteks пахта корпорациясынын ноокен филиалы | 15875,0 | 7496,7 | 5495,0 | 0.0 | 0.0 |
| ЖЧК Экспорт-Коттон | 1292,0 | 1075,3 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| ЖЧК Компания ЗЕРВЕТЕКС | 15962,9 | 25946,2 | 34079,0 | 19240,6 | 49062,0 |
| ЖЧК ЭЙ-БИ -ВИ | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| ПКЧХЗ Дома-Ата | 20843,9 | 5149,2 | 5199,6 | 45506,2 | 49661,9 |
| ЖЧК Санпа | 41111,7 | 39743,3 | 6276,6 | 0.0 | 0.0 |
| БИ Ак-Алтын | 37316,0 | 19747,6 | 6005,4 | 3065,3 | 11674,1 |
| ЖАК Кыргызпахтасы | 926,4 | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 0.0 |
| Биргелешкен ишканалар | 55079,0 | 32245,1 | 62153,0 | 13028,0 | 0.0 |
| Көмөкчү чарбалар | 6283,2 | 0.0 | 1249,2 | 16631,9 | 45521,4 |
| ЖЧК Корпарация Пиримтекс | 0.0 | 0.0 | 0.0 | 29359,4 | 0.0 |

***Булагы: Жалал-Абад облаcттык Улуттук статистика комитетинин маалыматтары, 2011-жыл***

2.4- таблицадагы маалыматтарды талдап кароо менен, Жалал-Абад облусунда негизги айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларынын ун азыктарын өндүрүүдөгү жалпы көлөмү 80341,3 миң.сомду түзсө, ал эми 2010-жылы 483783,7 миң.сомду түзүп өскөндүгү байкалат, өсүмдүк жана жаныбарлардын майын өндүрүү 2006-жылы 52959,3 миң.сомду, 2010-жылы 69509,2 миң.сомду, пахта буласын даярдоо 2006-жылы 480192,0 миң.сомду, ал эми 2010-жылы 291514,1 миң.сомду түзгөн. Пахта буласын мурунку жылдарга салыштырмалуу жыйырмадан ашуун ишканалар иштей баштаткан.




2.4-сүрөт. Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларда жашылча –жемиштерди кайрадан иштетүүнүн жана консервациялоонун көлөмү




***Булагы: Жалал-Абад облаcттык Улуттук статистика комитетинин маалыматтары, 2011-жыл***

2.5-сүрөт. Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларда сүт продукцияларын өндүрүү

2.4- жана 2.5-сүрөттөрдөгү динамикадан Жалал-Абад областы боюнча айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларда жашылча –жемиштерди кайрадан иштетүүнүн жана консервациялоонун көлөмү 2008-жылы эң жогорку деңгээлине жетип, бирок 2009-жылы төмөндөө менен барып, 2010-жылы жокко эсеге айланган. Ал эми сүт

продукциясын өндүрүү негизинен калктын ишкердик жүргүзүү энчисине өткөн.

Кайра иштетүү өнөр жайынын ишканалары эгемендүүлүктүн жылдарында көрүнүп тургандай өндүрүштүн туруктуу абалга келе баштащы жана өсүү тенденциясы кредиттерди натыйжалуу пайдалануудан, өндүрүштү модернизациялоодон, менеджментти жакшыртуудан, өндүрүштүк интеграцияланган системасын кийирүүдөн, продукцияны сатып алуудан тартып, кайра иштеп чыгып, сатканга чейинки иштер толук бүткөрүлгөн технологиялык цикл менен коштолгондон улам жаралды.

Менчиктештирүүнүн артыкчылыктуу усулдары катары баарыдан мурда менчиктештирүүнүн атандаштык долбоорлору жана инвестициялык тендер, ошондой эле өндүрүшү өтө эле төмөндөп кеткен ишканаларды тышкы башкарууга өткөрүүнү көздөйт.

Азык-түлүк продукциясынын рыногун өнүктүрүү менен байланышып турган агрардык саясаттын иш-чараларынын комплексин иштеп чыгууда башкаруу системасын түзүп туруучуларды мүмкүн болушунча толугураак аныктап алуу методологиялык жактан маанилүү болуп эсептелет.

Кайра иштетүү өнөр жайынын ишканалары айыл чарбалык чийки продукцияны алгачкы жолу иштеп чыгуу боюнча ири жана жогорку деңгээлде адистештирилген кубаттуулуктарга ээ болуу менен, ал продукцияларды технологиялык жактан тереңден кайра иштетип, товарлардын кеңири ассортиментин даярдап чыгарууга мүмкүнчүлүктөрү болгондуктан, жыл сайын өндүрүштүн көлөмүн улам көбөйтүп жатышат.

Продукциянын жогору сапатын арттырууга, биздин оюбузча, өнүрүштүн маданиятын көтөрүү, кайра иштетүүчү ишканалардын адистерин, дизайнерлерди кайрадан даярдоону уюштуруу, ошондой эле өндүрүүмдүү заманбап жабдуулар менен камсыз кылуу аркылуу жетишүүгө болот.

Өлкөбүздүн кайра иштетүү өнөр жайы жалпысынан мамлекеттин ички рыногунда жергиликтүү товар өндүрүүчүлөргө карай протекцианистик саясатына муктаж болуп жатат. Өкмөттүк денгээлде бул тармактын биринчи кезектеги проблемаларын чечүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн издөө талап кылынууда.


Рынок экономикасынын шарттарында айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын натыйжалуу өнүгүүсү, анын инвестициялык жана башка ишмердиктерин натыйжалуу башкарууга байланышкан жана ошондой эле узак мөөнөттүү инвестицияларды ишке ашыруунун татаал процессине түздөн – түз тиешеси бар.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын алдына койгон максаттарына жетүүсү өзгөчө стратегияны иштеп чыгууну жана ишке ашыруу менен байланышкан. Узак мөөнөттүү инвестициянын стратегиясы ишкананын өзгөчө стратегиясынын негизги багыты болуп эсептелинет. Бирдиктүү стратегиялык пландын курамында инвестициялык өнүгүүнүн жолдорун тандоо оңойго турбайт. Бул процесстин татаалдыгы ишкананын каржылык – экономикалык абалына түрдүү таасир берүүчү ички жана сырткы факторлордун көптүгүнө шартталган. Инвестициянын натыйжалуулугуна баа берүү түрдүү көйгөйлөрдүн комплексин чечүүнү талап кылат, аларды терең изилдөөдөн кийин чечимдеринин оптималдуу варианттын кабыл алууну камсыз кылуучу узак мөөнөттүү инвестициянын стратегиясын тандоо ишке ашырылат.

Инвестициялык ишмердиктин приоритеттүү багыттарын тактоодо, түрдүү аналитикалык ыкмалар менен моделдерди колдонууга комплекстүү кароо керек. Инвестициялык өнүгүүнүн келечегин (перспективасын) баалоого түрткү берүүчү моделдерди түзүү азыркы мезгилде практикада көп колдонулуп жатат. Бизге белгилүү болгондой, моделдештирүү башкарылуучу обьектинин белгилүү мүнөздөгү касиеттерин, структуралык жана функционалдык параметрлерин менеджерге көрсөтүп берет, ошондой эле анын ички жана сырткы чөйрө менен болгон өз ара байланыштарын тактап берет.

Каржылык – инвестициялык ишмердиктин чөйрөсүндө моделдештирүүнүн негизги милдети башкаруу чечимдеринин варианттарын негиздөө, ишкананын ишмердигинин натыйжалуулугунун көтөрүүнүн резервдерин аныктоо жана өнүгүүсүнүн приоритеттик бгыттарын болжолдоо.

Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишкананын өнүгүү жолдорун аныктоодо продукцияны өндүрүп – сатуу циклынын модели негизги ролду ойнойт. Продукциянын сатуунун көлөмүн көрсөткөн ийри сызыктуу графиктик иликтөөнүн жардамы менен (2.6-сүрөт) узак мөөнөттүү инвестициянын стратегиясын тандап алабыз.




2.6-сүрөт. Продукциянын жашоо циклынын модели

Продукциянын белгилүү бир түрүнүн сатуу көлөмүн, анын өндүрүү-сатуу циклынын этаптарында (өнүгүү, активдүү өсүш ж.б.) өдө - ылдый жылып турат.

Өнүгүү этабында ишкана рыноктон өзүнүн ордун табуу үчүн аракеттене баштайт жана өзүнүн рыноктук үлүшүн кеңейтүү үчүн шарт түзө баштайт. Бул этапта инвестициялык салымдардын аз эле көлөмү талап кылынат. Рынокто артыкчылык абалды кармап турууга жана кеңейтүү, инвестицияны ишке ашырууга түрткү болот. Продукцияларды сатуунун активдүүлүгүнүн өсүү мезгилинде рынок атаандаштарынын көбөйүшү байкалат, анткени ишмердиктин жаңы чөйрөсү пайданы көп алып келгендиги менен өзүнө тартат. Товарларды сатуунун мээлүүн өсүшүндө атаандашуунун күчөшүнөн товарларга болгон суроо-талап менен сунуштардын ортосунда белгилүү бир тең салмактуулук келип чыгат.

Технологиялык процессстерди өркүндөтүүгө жана жабдууларды модернизациялоого багыттоо менен ишкананын рыноктогу атаандаштык артыкчылыгын колдойбуз жана товарларды сатуунун көлөмү жетилген рынок, рынок товарларга толгон циклды күтөбүз. Эгерде ишкана мээлүүн өсүү мезгилинде өнүгүү стратегиясын аныктабаса, анда кийинки этапта товарларды сатуунун көлөмү төмөндөп кетет, же болбосо банкротко учурашы мүмкүн, анткени рыноктун товарларга толгон циклында атаандашуунун деңгээлинин өсүп кеткендиги байкалат.

Продукцияны сатуунун төмөндөө циклында өндүрүштүк чыгымдардын көзөмөлдөө жана өндүрүштүк ресурстардын колдонуунун натыйжалуулугун колдоо ишкананы башкаруунун негизги милдети. Ишкананын админстрациясы (менеджери) узак мөөнөттүү инвестициянын стратегиясын иштеп чыгууда инвестициялык салымдардын көлөмүн товарларды өндүрүү – сатуу циклынын ар бир этабына так эсептеп чыгуусу керек жана негизги каражаттарды кайра жаңылап өндүрүүнүн багытын жана түрүн туура аныктоо зарыл.

Стратегиялык максаттарды туура тандоо жана товарларды өндүрүү – сатуу циклынын моделин натыйжалуу колдонуу, жаңы инвестициялык долбоордо кайсыл циклдын этабында ири көлөмдөгү узак мөнөөттүү инвестицияны ишке ашыруу максатка ылайыктуу экендигин аныктоого жардам берет.

Узак мөнөөттүү инвестицияны стратегиялык багытын тандоодо төмөндөгү факторлор таасирин тийгизет: рыноктун ыңгайлуулугу; атаандашуудагы артыкчылыктар; продукцияларды өндүрүү – сатуу циклы; рыноктогу товарларды өндүрүп – сатуу

көлөмүндөгү үлүшү; рыноктук өнүгүү тенденциясы; өндүрүштүк – экономикалык потенциал; тобокелчиликтин ылайыктуу деңгээли; инвестициялоонун убактылуу горизонту; менчик ээлеринин (акционердик) ишкананын максаттарына макул эместиги; өткөн мезгилдердеги инвестициялык стратегияны ишке ашыруу жөнүндөгү маалыматтар.

Эгерде инвестициянын стратегиялык моделин иштеп чыгуу маселесине келсек, анда чет элдик окумуштуулардын тажрыйбасына кайрылып көрсөк болот. Алсак, Мак Кинсинин портфелдик матрицасына, аны практикада колдонсок узак мөөнөттүү инвестицияларды иштетүүдө оптималдуу башкаруу чечимдерин кабыл алууга түрткү болот (2.7-сүрөт).

ЧАРБА ЖҮРГҮЗҮҮЧҮ СУБЪЕКТТИН РЫНОКТУК ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ

| | | КҮЧТҮҮ | ОРТО | АЛСЫЗ |
|---|---|---|---|---|
| РЫНОКТУН ӨЗҮНӨ ТАРТЫМДУУЛУГУ | ЖОГОРКУ | Өсүү жана инвестициялар | Өсүү жана инвестициялар | Өркүндөнүү жана коргонуу (тандалма инвестициялар |
| | ОРТО | Өсүү жана инвестициялар | Өркүндөнүү жана коргонуу (тандалма инвестициялар | Кыскаруу жана чыгуу |
| | ТӨМӨНКҮ | Өркүндөнүү жана коргонуу (тандалма инвестициялар) | Кыскаруу жана чыгуу | Кыскаруу жана чыгуу |

2.7-сүрөт. Мак Кинсинин портфелдик матрицасы

Мак Кинсинин ыкмасы боюнча инвестициялык портфелдин түзүлүшү, рыноктун өзүнө тартуу ыңгайлуулугунун жалпылооочу көрсөткүчтөрүн салыштырууга жана ишкананын атаандаштык артыкчылыгына негизделет.

**Изилдөөнүн үчүнчү бабы** айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө инвестицияларды пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун өркүндөтүү каралган..

Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканалардын инвестициялык ишмердигинин негизин анык (реалдуу) жана каржылык (финансылык) инвестициялар түзөт. Көпчүлүк айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларда мындай инвестициялар азыркы учурда инвестициялык ишмердиктин бирден-бир жалгыз багыты болуп саналат. Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларда инвестициялык ишмердик системасында реалдуу жана каржы инвестицияларынын ролу жогору экендиги менен түшүндүрүлөт.

Инвестициялоонун натыйжалуу пайдалануусун (эффективдүүлүгүн) баалоо, бир тараптан, инвестициялык чыгымдардын көлөмүн, жана экинчи тараптан, алардан кайтарылуучу акча агымынын суммасын салыштыруунун негизинде жүргүзүлөт.

Анык (реалдуу) инвестициялоону ишке ашыруу бир нече өзгөчөлүктөргө ээ, алардын негизгилери төмөнкүлөр:

Анык инвестициялык салымдар айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишкананын экономикалык өнүгүү стратегиясын ишке ашыруунун башкы формасы болуп эсептелет. Мындай өнүгүүнүн негизги максаты эффективдүүлүгү жогору анык (реалдуу) инвестициялык программаларды ишке ашыруу менен камсыз кылынат, ал эми айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык өнүгүү процесси деп ишке ашырылуучу инвестициялоонун жыйындысы аталат. Инвестициялык салымдын ушул формасы айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларга жаңы товардык жана аймактык рыноктрго эркин кирүүгө шарт түзүп, анын рыноктук наркынын тынымсыз жогоруулосун камсыз кылат.

Анык инвестициялык салымдар айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканалардын операциялык ишмердиги менен тыгыз байланышта болот. Продукцияны

өндүрүү жана сатуу көлөмүн көбөйтүү, иштетилип чыгарылуучу буюмдардын ассортиментин кеңейтүү жана алардын сапатын жакшыртуу, учурдук операциялык чыгымдарды кыскартуу маселелери, эреже катары анык инвестициялардын натыйжасында чечилет. Өз кезегинде, айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларда ишке ашырылган анык инвестициялоо келечектеги операциялык процесстин көрсөткүчтөрүнөн, анын операциялык ишмердигинин көлөмүнүн өсүү потенциалынан көз каранды болуп саналат. Анык инвестициялар, эреже катары, каржылык инвестицияларга салыштырмалуу бир топ жогорку дэңгээлдеги рентабелдүүлүктү камсыз кылышат. Мындай пайданын чоң нормасын камсыздоо жөндөмдүүлүгү экономиканын реалдуу секторунда ишкердүүлүк жүргүзүүдө кызыктыруучу мотивдердин бири болуп эсептелет.

Ишке жумшалган анык инвестициялар айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларда туруктуу таза акча агымын камсыздайт. Бул таза акча агымы менен ишке жумшалган инвестициялык салымдар айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларга пайда алып келбей калган учурда деле негизги каражаттар менен материалдык активдерден, амортизациялык чегерүүлөрдүн эсебинен калыптанып турат.

Анык инвестициялык салымдарда моралдык жактан эскирүү кооптуулугунун дэңгээли жогору. Мындай кооптуулук инвестициялык ишмердиктин анык инвестициялык салымдарды ишке ашыруу стадиясында да, аларды эксплуатациялоонун инвестициялоодон кийинки стадиясында да коштоп жүрөт. Өтө тез жүрүп турган технологиялык прогресс анык инвестициялоо процессинде бул кооптулуктун дэңгээлинин жогорулашына шарт түзөт.

Анык инвестициялардын инфляциядан коргонуу дэңгээли жогору. Инфляциялык экономика шарттарында көпчүлүк анык инвестициялоо объектилеринин бааларынын өсүү темптери көпчүлүк учурларда инфляциянын өсүү темптеринен ашып түшүп, ишкердүүлүктүн материалдаштырылган объектилерине ишкерлердин баш-аламан инфляциялык суроо-талабын пайда кылат.


Анык инвестициялардын ликвиддүүлүгү эң төмөн. Бул мындай инвестициялардын көпчүлүк формаларынын бүтпөгөн түрдө дээрлик альтернативдик чарбалык пайдаланууга мүмкүн эмес болгон тар максаттык багыттуулугу менен байланышкан. Буга байланышта анык инвестицияларды ишке ашыруунун башталышы менен байланышкан каржылык жактан туура эмес башкаруу чечимдерин компенсациялоо өтө кыйын.

Анык инвестициялар айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканалар тарабынан ар түрдүү формаларда ишке ашырылат, алардын негизгилери төмөнкү .3.1-сүрөттө берилген.

Башкаруунун экономикалык ыкмаларын кеңири колдонуу, кризистик жагдайдан чыгуу жана рынок экономикасынын мамилерине өтүү шарттарында инвестициялык салымдарды илимий негизде амалиятта колдонуп, инвестициялык пландоону иш жүзүнө ашыруу, узак мөөнөттүк салымдарды пайдалануу натыйжалуулукту камсыз кылуу зарылчылдыгынан келип чыгууда. Инвестициялоонун азыркы шарттагы өзгөчөлүгү айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү ишканаларындагы өндүрүштүн жабдууларын, техникаларын кайра жабдууга жана реконстукциялоого узак мөөнөттүк салымдардын үлүшүн көбөйтүү менен эски жабдуулардын үлүшүн төмөндөтүп, жаңы нуктагы замандын талабына жооп берген жабдууларды тартуу болуп саналат.

Инвестициялоо айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларда

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын инвестициялык ишмердиги экономикалык стратегиянын бир бөлүгү болуп, ишкананын өндүрүштүк жана илимий–техникалык мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүнүн рационалдуу жолдорун тандап алуу эсептелинет.



3.1-сүрөт. Анык инвестициялоонун негизги формалары.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын инвестициялык ишмердигин өркүндөтүү 3.2- сүрөттө көрсөтүлгөн.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларда инвестициялык саясатты иштеп чыгууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

− каралган иш – чараларда экономикалык, илимий- техникалык жана социалдык натыйжалуулукка жетүү, ар бир инвестициялык салым салынган объектинин натыйжалулуугун баалап, долбоорлордун ичинен бирдей шарттарда ишкана үчүн инвестициялоонун максималдуу натыйжалулуугун тандап алууну;

− минималдык инвестициялык чыгымдар аркылуу жумшалган капиталдык салымдардан көбүрөөк пайда алууну;

− айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын инвестициялык натыйжалулуугун жогорулатуу үчүн, мамлекеттик колдоону пайдалануунун эсебинен бюджеттен жеңилдетилген кредиттерди, өкмөттүн колдосун жана салыктык жеңилдиктерди алууну;

− эл аралык каржылык – кредиттик уюмдардан жана чет элдик жеке инвесторлордон жеңидетилген кредиттерди тартууну;

− инвестициялык долбоорлордун тобокелчилигин минималдаштырууну;

− узак мөөнөттүк инвестициялардын ликвиддүүлүгүн камсыз кылууну, башкача айтканда актоо мөөнөтүн кыскартууну;

− инвестициялык саясатта көрсөтүлгөн иш – чараларды мыйзамдардын жана нормативдик актылардын чегинде ишке ашырууну;

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын инвестициялык ишмердикти өркүндөтүүдө төмөнкүдөй факторлор эске алынат:


− айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын каржылык абалы (туруктуу, туруксуз, кризистик);

− өндүрүштүн техникалык абалы, бүтпөй калган курулуштар жана орнотулбай калган жабдуулар;

− жабдууларды лизинг боюнча алуу мүмкүнчүлүгү;

− өздүк каржылык ресурстардын болушу жана жеңилдетилген кредиттерди

жана карыздарды алуу мүмкүнчүлүгү;




3.2- сүрөт. Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын инвестициялык ишмердигинин мазмуну жана негизги баскычтарынын калыптанышы

- капитал рыногунун коньюнктурасы;
- инвесторлор тарабынан мамлекеттен алынуучу жеңилдиктер;
- ишке ашырыла турган инвестициялык долбоордун коммерциялык жана бюджеттик эффективдүүлүгү;
- камсыздандыруу шарттары жана коммерциялык эмес тобокелчиликтен кепилдениши;
- салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөр;
- ишкананын шарттуу-өзгөрүлмө жана шарттуу-туруктуу чыгымдары, ошондой эле өндүрүштөгү, сатуудагы чыгымдары;

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларда инвестициялык саясатты ишке ашырууда ресурстарга болгон керектөөлөрүн, өндүрүштүн жана илимий техникалык мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен рыноктун керектөөлөрүнө жараша продукция чыгарылышы зарыл.

Продукцияларды сатуу рыногун баалоодо төмөнкүлөр эске алынат:

- сатылуучу продукциянын географиялык чектерин аныктоо;
- акыркы үч жылдык сатуунун жалпы көлөмү жана динамикасы;
- рыноктогу атаандаштыктын деңгээли;
- продукциянын техникалык деңгээлин көтөрүү үчүн кандайдыр-бир инвестициялык долбоорду ишке ашыруу;

Инвестициялык ресурстарга болгон керектөөлөр, чыгымдардын деңгээлине жараша болуп, инвестициялык саясатты ишке ашырууда зыян тартышы мүмкүн.

Бүтпөй калган курулуштардын наркы, төлөнүп орнотулбай калган жабдуулар жана башка мурунку жылдардын чыгымдары каржылык жылдын капиталдык салымдарынын

көлөмүнө кошулбайт.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын инвестициялык саясатты иштеп чыгууда жалпы капиталдык салымдардын көлөмүн тактап,өздүк каражаттарды рационалдуу колдонуу жана кошумча каржы ресурстарын каржы рыногунан тартуу мүмкүнчүлүгүн аныктоо сунушталат. Инвестициялоонун узак мөөнөттүк стратегиясында инвестициялык долбоорлордун чегинде инвестициялык саясатты ишке ашырууга бөлүнгөн ресурстардын көлөмүн, мөөнөтүн, пайданын же чыгашанын күтүлүшүн макулдашып алынышы максатка ылайык. Орто мөөнөттү инвестициялык саясат бир жылдан – үч жылга чейин, ал эми узак мөөнөттүү – үч жылдан жогору.

Инвестициялык ишмердиктин чегинде анык инвестицияларды башкаруу айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларда инвестициялык процесстерди төмөнкү баскычтарга бөлүп карасак болот:

- инвестициялык ишмердиктин мотивациясы;
- инвестициялоону программалоо(ишкананын өнүгүү программасы);
- тандап алынган инвестициялык программанын максаттуулугун негиздөө (натыйжалуулугун, ресурстар менен камсыз болуусун, тобокелчиликти баалоо);
- анык инвестицияларды камсыздандыруу;
- инвестициялык процесстерди жөнгө салуу;
- инвестициялоону пландоо (долбоордун бизнес-планы);
- инвестициялык ишмердикти каржылоо;
- долборлоо (объект боюнча долбоордун сметасын иштеп чыгуу);
- анык инвестицияларды материалдык-техникалык ресурстар менен камсыз кылуу;
- анык инвестицияларды иштетүү (өндүрүштүн курулуш-монтаж иштеринин процесси);
- анык инвестицияларды иштетүү процессинин мониторинги (курулуш циклын ыкчам башкаруу);
- даяр объектилерди эксплуатацияга берүү;
- долбоордогу кубаттуулукка жетүү;
- инвестициялоонун жыйынтыктарын баалоо (ишке ашырылган инвестициялык долбоордун натыйжалуулугу).

**КОРУТУНДУ**

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестицияларды натыйжалуу пайдалануунун өркүндөтүү боюнча маселерди изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик:

1. Агрардык өндүрүштүк комплексти инвестициялоонун негизинде өстүрүүнүн жана өнүктүрүүнүн максаты өлкөбүздүн калкын ата мекендик керектүү азык-түлүк товарлар менен камсыз кылуу жана айыл жериндеги жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүү зарылдыгы белгиленди;
2. Инвестициялар айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү өндүрүштү модернизациялоого, кирешелердин көбөйүшүнө, экспорттук мүмкүнчүлүктөрдүн кеңейишине жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүгө өбөлгө түзөт;
3. Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялоонун өзгөчөлүктөрүн жана инвестициялык ишмердиктин приоритеттүү багыттары аныкталды;
4. Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы өндүрүштүк мамилелердин өнүгүү деңгээлин, айыл чарба продукцияларын керектөөдөгү жана ошондой эле техника менен технологияларды өркүндөөтүүдөгү өзгөрүү кырдалдарына тез аранын ичинде маани бере ала турган АӨКти куруу;
5. Рынок мамилелеринин объективдүү мыйзамдарына негизделген айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларды өнүктүрүүнүн илимий негизделген

концепциясы жетишээрлик иштелип чыккан эмес.

6. Жогорудагыларды эске алганда айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларда инвестициялоонун натыйжалуу пайдаланууну баалоодо, анын инвестициялык пайданын күтүлүүчү нормасын камсыз кылуучу чыныгы наркын баалоо зарыл.

7.Каржылык жана инвестициялык ресурстардын тартыштык шарттарында айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагын натыйжалуу өнүктүрүү, анын техникалык, технологиялык жана ошондой эле атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүүнүн негизи болгон инвестицияны тартуу жана инвестициялык процесстерди активдештирүүгө байланышкан. Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагынын динамикалык өсүшүнүн бирден – бир шарты, аны чийки заттар менен камсыз кылып туруучу жана анын өндүргөн продукцияларын сатып алган тармактардын өнүгүүсү. Ошондуктан кайра иштетүү тармагын инвестиция менен кандай камсыз кылсак, ошондой эле айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрдү да инвестиция менен кылышыбыз керек.

8.Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагында инвестициялоону активдештирүү инвесторлор менен инвестицияны керектөөчүлөр үчүн ыңгайлуу инвестициялык климат түзгөндүгүнө байланыштуу. Демек, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү тармагынын өзгөчөлүктөрүн эске ала турган жана ошондой эле топтолгон капиталды натыйжалуу колдонууга мүмкүнчүлүк бере турган инвестициялоо системасын түзүү актуалдуу болуп эсептелинет.

9.Учурда айыл чарба продукцияларынын сезондуулугуна, негизги каражаттардын эскиргендигине, капиталды жүгүртүү процессинин жана аны топтоонун төмөндүгүнөн кайра иштетүү тармагы башка тармактарга салыштырмалуу өнүгүү деңгээли төмөн болуп калууда. Ошондуктан инвестицияны жандандыруу жана аны туура багытта колдонуу тармакты өнүктүрүүнүн негизги шарттарынын бири болуп саналат.

10 Изилдөөлөр көрсөткөндөй инвестицияны каржылоо булактарынын структурасы өзгөргөргөнүнө карабастан инвестициялык ресурстардын тартыштыгы дайыма сакталып келет. Демек, инвестициялык тартыштык тармактын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизүүдө. Кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык саясаттын жоктугунан ички жана сырткы инвестициянын көлөмү жана ошондой эле тармактын материалдык – техникалык базасы төмөнкү деңгээлде калууда. Ошондуктан кайра иштетүү тармагын мамлекеттик бюджеттен каржылоо зарыл.

11.Айыл чарба продукциясын кайра иштетүү тармагын натыйжалуу өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын бири узак мөөнөткө инвестициялык стратегияны иштеп чыгуу. Курамына белгилүү стратегиялык багыттарды жана аларды ишке ашыруу механизмдерин камтыган жаңы инвестициялык саясатты түзүү керек, ошондой эле ар бир инвестициялык долбоордун натыйжалуулугун кабыл алуучу инвестициялык чечимдердин тууралыгын камсыз кылуубуз зарыл. Жогоруда айтылгандарды эске алып кайра иштетүү тармагын инвестициялоо процессин төмөнкү этаптар менен ишке ашырууну сунуштайбыз:

Биринчи этап - өнүгүү стратегиясын тандоо жана инвестициялоо стратегиясын иштеп чыгуу;

Экинчи этап - инвестициялык ишмердикти пландаштыруу жана уюштуруу;

Үчүнчү этап - инвестициялык программаларды иштеп чыгуу, бизнес планды түзүү;

Төртүнчү этап - инвестициялык ресурстарды түзүү;

Бешинчи этап - инвестициялык долбоорду ишке ашыруу.

Тема боюнча жарык көргөн эмгектер:

1.Раимкулов К.А. Основные факторы экономического роста и развития Кыргызстана [Текст]/К.Ш.Токтомаматов, К.А.Раимкулов//2005.Стамбул.

2. Раимкулов К.А. Теоретико-методологические аспекты организация кооперативов и малых сельскохозяйственных предприятии[Текст]/С.А.Омурзаков,К.А.Раимкулов// г. Жалал-Абад, 2008 г., «Вестник УЭП». С. 40-44

3.Раимкулов К.А. Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларды өркүндөтүү [Текст]/К.А.Раимкулов//Вестник Ош ГУ.-2009.-№4 .-С.203-205.
4. Раимкулов К.А. Кызмат көрсөтүүчү кооперативдерди өркүндөтүүнүн теориялык негиздери [Текст]/К.А.Раимкулов//Вестник Ош ГУ.-2009.-№4 .-С.205-207.
5. Раимкулов К.А. Методы оценки экономической эффективности инвестиций в АПК [Текст]/К.А.Раимкулов//Вестник РГСУ.-2010.-№8 .
6. Раимкулов К.А. Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларды өркүндөтүү[Текст]/К.А.Раимкулов//Вестник Ош ГУ.-2009.-№4 .-С.203-206.
7. Раимкулов К.А. Баштапкы маалыматтардын айыл чарба ишканаларын башкаруудагы орду[Текст]/С.А.Омурзаков,К.А.Раимкулов// г. Чолпон-Ата, 2011 г., "Вестник" КГАУ им. Ж.Баласагына, социальный выпуск посвещенным Иссык-Кульскому форуму "Исраиловские чтения". с. 179-181
8.РаимкуловК.А.Инвестиции-источник развития экономики [Текст] /К.А.Раимкулов/ / Исследования,результаты. Научный журнал.Алматы.2011г.№1.Каз.Нац.Агр.Универ.С.248-252.
9. РаимкуловК.А.Теоретико-методологические основы формирования системы управления в сельскохозяйственном производстве[Текст]/К.А.Раимкулов, С.Т.Умаров//Международный научно-практической конференции.Новосибирск,2012г.

Раймкулов Калбек Абдисейитовичтин «Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө инвестицияларды пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугу (Жалал-Абад облусунун мисалынын негизинде)» деген темадагы 08.00.05 - Экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин

**РЕЗЮМЕСИ**

**Ачкыч сөздөр**: инвестициялар, каржы жана анык инвестициялар, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү, өндүрүштүн натыйжалуулугу, инвестициялык саясат, инвестициялык ишмердик.

**Изилдөөнүн предмети**: Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө инвестицияларды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу

**Изилдөөнүн объектиси**: айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчүлөр (дыйкан (фермердик) чарбалар, калктын жеке көмөкчү чарбалары), тармактагы кайра иштетүүчү өндүрүштүк ишканалар жана алардын инвестициялык ишмердиги.

**Изилдөөнүн максаты** айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагына тартылган инвестицияларды пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуунун илимий-практикалык негизин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн ыкмасы.** Диссертациялык иште изилдөөнүн экономика-статистикалык, аналитикалык, салыштырма жана системалык талдоолор, монографиялык ыкмалары колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык климаттын регионалдык негизги факторлору аныкталды; айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагынын учурдагы абалын изилдөө аркылуу инвестициялык процесстердин өнүгүү тенденциясы жана инвестициялык саясаттын негизги багыттары аныкталды; айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагынын инвестициялык стратегиясынын негизги багыттары аныкталды; кайра иштетүү тармагындагы анык жана каржы инвестицияларды натыйжалуу иштетүүнүн критерийлери аныкталды; инвестициялык ишмердиктин жаңы уюштуруу формаларын уюштуруунун жана өркүндөтүүнүн комплекстик чаралары иштелип чыгылды; инвестициялоодо оптималдуу чечимдерди кабыл алуу үчүн инвестициялык долбоорлордун натыйжалуулугун баалоочу көрсөткүчтөрдүн системасы такталды; айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларда инвестицияларды натыйжалуу пайдалануу боюнча сунуштар иштелип чыгылды.

**Колдонуу чөйрөсү:** Диссертацияда иштелип чыккан илимий көз-караштар айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө инвестицияларды пайдаланууну өркүндөөтүдө жана мамлекеттик жөнгө салуу системасын калыптандыруу практикасында колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагында инвестицияларды натыйжалуу пайдаланууда жана аймактык максаттуу программаларды иштеп чыгууда теориялык жана практикалык негиз болуп эсептелинет. Диссертацияда иштелип чыккан негизги теориялык жоболор, методологиялык негиздер, жыйынтыктар менен сунуштар «Инвестициялар жана инновациялар», «Каржылык инвестициялык анализ», «Инвестициялык стратегия» ж.б. предметтер боюнча лекцияларды, окуу - методикалык комплекстерди жана окуу программаларын иштеп чыгууда пайдаланса болот. Ошондой эле райондук, шаардык, облустук жана республикалык көп жылдык стратегиялык пландарды түзүүдө колдонулууга сунушталат.

**РЕЗЮМЕ**

диссертационной работы Раймкулова Калбека Абдисейитовича на тему “Экономическая эффективность использования инвестиций при переработке сельскохозяйственных продукций (на примере Жалал-Абадской области)”, представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – Экономика и управление народным хозяйством.

**Ключевые слова:** инвестиция, финансовые и реальные инвестиции, переработка сельхозпродукции, эффективность производства, инвестиционная политика, инвестиционная деятельность.

**Предмет исследования:** повышение эффективности использования инвестиций при переработке сельхозпродукций в Жалал-Абадской области Кыргызской Республики.

**Объект исследования:** производители сельхозпродукций (крестьянские (фермерские) хозяйства, личные подсобные хозяйства населения), перерабатыващие производственные предприятия региона и их инвестиционная деятельность.

**Целью исследования** является разработка научно-практических основ повышения эффективности использования инвестиций в отрасль переработки сельхозпродукций.

**Методы исследования.** В диссертационной работе использованы экономико-статистический, аналитический, монографический методы исследования и метод сравнительного и системного анализа.

**Полученные результаты и их новизна:** определены основные региональные факторы инвестиционного климата в отрасли переработки сельхозпродукций; определены тенденция развития инвестиционных процессов и основные направления инвестиционной политики путем изучения современного состояния отрасли переработки сельхозпродукций; определены основные направления инвестиционной стратегии в отрасли переработки сельхозпродукций; определены критерии эффективного использования финансовых и реальных инвестиций в перерабатывающей отрасли; разработаны комплексные меры организации и развития новых организационных форм инвестиционной деятельности; уточнены системы по оценке показателей эффективности инвестиционных проектов для принятия оптимальных решений при инвестировании; разработаны рекомендации по эффективному использованию инвестиций на предприятиях переработки сельхозпродукций.

**Область применения:** Научные положения, сформулированные в диссертационной работе, могут быть использованы в практике формирования системы государственного регулирования и развития использования инвестиций в переработке сельхозпродукций. Основные результаты работы представляют теоретическую и практическую основу для формирования региональных целевых программ и эффективного использования инвестиций в отрасли переработки сельхозпродукций. Теоретические положения, методологические основы, результаты и рекомендации, разработанные в диссертационной работе, могут быть применены при разработке лекций, учебно-методических комплексов и учебных программ по таким дисциплинам, как “Инвестиции и инновации”, Финансово-инвестиционный анализ”, “Инвестиционная стратегия” и др. Также результаты исследования рекомендуется к использованию при разработке долгосрочных стратегических планов на уровне районов, городов, областей и в целом республики.

## RESUME

**dissertation paper of Raymkulov Kalbek Abdiseyitovich on the theme: «Cost-performance of the use investment at conversion agricultural product (based on materials of the Jalal-Abad region)» for the academic degree of candidate of economic sciences, specialty 08.00.05 – "Economics and national economy management"**

**Key words:** the investment, financial and real investments, conversion to agricultural product, efficiency production, investment policy, investment activity.

**Subject of the study:** increasing to efficiency of the use investment at conversion of the agricultural product in the Jalal-Abad region Kyrgyz Republic.

**Object of the study:** the producers to agricultural product (peasant (farming) facilities, the personal subsidiary facilities of the population), processing production enterprises of the region and their investment activity.

**Purpose of the study** is a development scientifically-practical base of increasing to efficiency of the use investment in branch of the conversion to agricultural product.

**Methods of research:** In dissertation work are used economy-statistical, analytical, monographic methods of the study and method comparative and system analysis.

**Received results and their novelty.** main regional factors of the investment climate are determined in branches of the conversion to agricultural product; the certain trend of the development of the investment processes and main trends investment politicians by by studies of the modern condition to branches of the conversion to agricultural product; the certain main trends to investment strategy in branches of the conversion to agricultural product; the certain criteria of the efficient use financial and real investment in processing branches; it is designed complex measures to organizations and developments of the new organizing forms to investment activity; the elaborated systems on estimation of the factors to efficiency investment project for taking the optimum decisions under the investment; the designed recommendation on efficient use investment on enterprise of the conversion to agricultural product.

**Sphere of application:** The Scientific positions worded in dissertation work, can be used in practical person of the shaping the system of the government regulation and developments of the use investment in conversion of the agricultural product. The Main results of the functioning present theoretical and practical central to shaping the regional target programs and efficient use investment in branches of the conversion to agricultural product. Theoretical positions, methdological bases, results and recommendations, designed in dissertation to functioning, can be aplying at development lecture, scholastic-methodical complex and scholastic programs on such discipline, as "Investments and innovation", Financial-investment analysis", "Investment strategy" and others. Also results of the study is recommended to use at development long-term strategic plan at a rate of region, city, areas and as a whole republics.

Басууга берилди 25.08.2012-ж.
Форматы 60 х 84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Буйрутма № 279. Нускасы 100 даана

Экономика жана ишкердик университетинин ыкчам басма борборунда даярдалды
721600, Жалал-Абад шаары, Спутник кичи району,
Жеңи-Жок көчөсү 30